| | |
|---|---|
| М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды | М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин директору |
| №12 "2" 05.09 2022-ж. | ________ М.Бакирова<br>№ "" 2022-ж. |

**М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин тарабынан өткөрүлүүчү "Жаш билерман" акыл таймашынын**

**ЖОБОСУ**

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Ушул Жобо предметтер жана китептер боюнча мектеп окуучуларынын "Жаш билерман" акыл таймашынын Жобосунун (мындан ары – Акыл таймаш) негизинде иштетилип чыкты.

1.2.Мектеп ичиндеги акыл таймаштын максаттарын жана милдеттерин, өткөрүү тартибин белгилейт.

**Конкурстун уюштуруучулары:**

М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин жетекчилиги, класс жетекчилер, ата-энелер комитети

**Максаты:**

1.Таланттуу окуучуларды аныктоо жана алардын (предметтик) билимдерин арттырууга көмөктөшүү, окуучулардын шык-дараметин өстүрүү. 2.Окуучулардын өз алдынча илимий -популярдуу адабияттар, маалыматтар, интернет булактары менен иштөө маданиятын калыптандыруу.

3. Окуучуларга билим баалуулугун сездирүү.

4. Окуучуларды билим алууга, окуп-үйрөнүүгө кызыктыруу.

5. Билим жарышы өткөрүлгөн сабактар боюнча (математика, тарых, география, кыргыз тили жана адабияты, жалпы ой жүгүртүү, ар тараптуу жана кругозордук суроолор ж.б.) активдүү окуучуларды тандоо жана аларга багыт берүү, колдоо көрсөтүү.

6. Билимге, окууга кызыккан окуучулардын башын бириктирип, аларды өз ара таанышууга жана пикир алышууга ылайыктуу чөйрө түзүп берүү.

7. Окуучуларга тарбия жана этика чөйрөсү ичинде заманбап жашоого түрткү берүү.

**Акыл таймаштын милдеттери:**

1. Жарыш математика, тарых, география, кыргыз тили сабактары жана жалпы ой жүгүртүү, спорт, визуализация, китеп категориялары ж.б. боюнча өткөрүлөт. Алдын ала бир китеп жарыяланат жана ошол китептен суроолор берилет.
2. Ар бир тайпа 8-9-10-11-класстарынан жалпысынан 6 окуучу катышат жана ар бир тайпада 8-9-10-11-класстардан аралашкан курама тайпа болуп, ар бир тайпада уул-кыздар бирдей болуусу керек.
3. Тайпалар белгиленген мөөнөткө чейин тактальп арыз аркылуу М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебине берилет.
4. Жарыш упай топтоо жолу, атайын балл эсептөөчү программа, шаймандардын негизинде өткөрүлөт.

**Акыл таймашты уюштуруу жана өткөрүү тартиби**

1. Акыл таймаш боюнча алдын ала мектеп окуучуларына жарнамы берилет
2. Акыл таймашка тайпалар алдын ала тандалып алынат
3. Ар бир тайпага тайпа башчысы шайланат
4. Тайпаны уюштуруу тобу акыл таймашка катышууну каалаган окуучулардын негизинде түзөт
5. Алдын ала ар бир акыл таймашка китеп уюштуруу тобу тарабынан тандалып жарыяланат
6. Акыл таймаш уюштуруу тобу тарабынан бир күн белгиленип ошол күнү өтүлөт
7. Катышууну каалаган окуучунун санына жараша тайпалар бөлүнөт
8. Тайпаларга жараша оюндун турлары белгиленет

**Өткөрүлүүчү жери:**

Билим жарышы М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин тарых кабинетинде өткөрүлөт.

**Жыйынтыктоо:**

Жеңген тайпаларга баалуу белектер берилип, орун алган окуучуларга грамоталар ыйгарылат. Тапшырмалар уюштуруучулар тарабынан түзүлүп, упай берүү, калыстар тобун түзүү ж.б. укуктар М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин жетекчилигине тиешелүү болот.